УД-68/23-И7 (03-019-2023-000181) көчүрмө

ТОКТОМ

13-ноябрь 2023-жыл Түп айылы

Ыссык-Көл облусунун Түп райондук соту курамында;
Төрагалык кылуучу: Г.у.Э.
Сот отурумунун катчысы: А.Н.,
Мамлекеттик айыптоочу: К.Б.Ж.
Айыпталуучу Ж.Р.Б. жана анын мыйзамдуу өкүлү Ж.Ж.Б., жактоочусу Д.У.Ж. катышуусу менен ачык соттук отурумунда Ж.Р.Б. жөнүндөгү жазык ишти карап, ал иш боюнча:

Ж.Р.Б. 20.02.1987-жылы Ыссык-Кол областынын Түп районунун Арал айылында туулган, улуту кыргыз, билими толук эмес орто, үй-бүлөлүү, 1 баланын атасы , мурда соттолбогон, эч жерде иштебейт, Түп районунун Арал айылынын Чыргай көчөсүнүн №10 үйүндө жашайт, бөгөт коюу чарасы камакта, Кыргыз Республикасынын К. 122-бер. 1-б. менен айыпталган.

Иштин ичиндеги топтолгон материалдар менен таанышып чыгып, тараптардын пикирлерин угуп чыгып, ал иш боюнча томондогудой деп, сот

ТАПТЫ:

Ж.Р.Б. 2023-жылдын 28-августунда саат 13:00 чамасында Түп районунун Арал айылынын түштүк тарабындагы талаага, агасын атын минип алып барып, ал жакта чөп чаап жүргөн учурда, ага айылдашы Түп районунун Арал айылынын Асаналиев көчөсүнүн №31 үйүнүн тургуну 04.11.1960-жылы туулган Ж.И.А. жолугуп “ атынды менин беде себилген жериме аркандапсың”-деп айтканда экөөсү уруша кетишип, ал жерден Р.Ж. И.Ж. колундагы чапкысы менен башка бир нече жолу чаап, денесине жаракат келтирген. Н.И.Ж. денесинен алган жарракатынан улам , окуя болгон жерде каза болгон.

Бул кылмыш иши боюнча дайындалган соттук-медициналык экспертизасынын №23 сандуу корутундусунда Ж.И.А.тин өлүмү, баш сөөгүнө катуу мокок несенин тийишинен, баш мээнин ачылышынан, денесине оор жаракатын алышынан келип чыккандыгы аныкталган.

Мамлекеттик айыптоочу К.Б.Ж. сотто: тергөө учурунда айыпталуучу Ж.Р.Б.ке соттук-психиатралык экспертиза дайындалып, эксперттин корутундусу чыкканын, анда ал кылмыш жасаганга чейин жана кылмыш жасаган учурда өзүнүн жасаган аракетине жооп бере албагандыгын, анын акыл эси соо эмес экендиги жөнүндө корутунду чыкканын билдирип Р.Ж.дун акыл эси соо эмес экендигине байланыштуу кылмыш ишти кыскартып, аны Жалал-Абад облусунун Кызыл-Жар шаарчасындагы Республикалык психиатриялык ооруканасына катуу байкоо жүргүзүү менен мажбур иретинде дарылануусуна жиберүүнү сурайт.

А.Р.Ж.дун мыйзамдуу өкүлү Ж.Ж.Б. сотто: айыпталуучунун бир грууган агасы экенин, иниси Ж.Р.Б.тин акыл эси соо эмес экенин көрсөтүп анын кылмыш ишин кыскартып, аны психиатриялык ооруканасына дарылануусуна жиберүүнү суранат.

А.Р.Ж.тун жактоочусу Д.У.Ж. сотто: прокурордун өтүнүчүн колдоп, Р.Ж.дун кылмыш ишин кыскартып, аны психиатриялык ооруканасына дарылануусуна жиберүүнү суранат.

Сот иштин бардык жагдайларынын жыйындысын ар тараптан, толук жана объективдүү карап чыгып төмөндөгүдөй жыйынтыкка келет.

Тергөө мезгилинде Р.Ж.го карата чыккан комиссиялык соттук-психиатриялык экспертизанын 23.10.2023-жылдагы №20 сандуу корутундусуна караганда, айыпталуучу Ж.Р.Б. кылмыш жасаганга чейин жана кылымыш жасаган учурда псикалык жактан ооруп жургон. Ал озунун жасаган аракетине жооп бере албайт,

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

башкача айтканда Ж.Р.Б. акыл эси соо эмес жана ага карата Кызыл-Жар шаарчасындагы Республикалык психиатриялык ооруканасына катуу тартипте байкоо жүргүзүү менен мажбурлап дарылоосу керектиги корсотулгон. (и.б.192-195) .
К.Р.К.-жаза процессуалдык кодексинин 491-бер. 1-б. адам коомго кооптуу аракетти акыл-эси жайында эмес абалда жасагандыгын же аны жасагандан кийин психикалык дарт менен ооруп калганын таануу менен сот ишти кыскартуу тууралуу токтомду, ал эми зарыл учурларда – медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө токтомду чыгарат.
Кыргыз Республикасынын К. 25-бер. 1-б. ушул Кодексте каралган жосунду жасап жаткан учурда акыл эси соо эмес абалда болгон, башкача айтканда, өзүнүн аракетинин (аракетсиздигинин) иш жүзүндөгү мүнөзүн жана келтирилген зыянын аңдап биле албаган же өнөкөт жин оорусунун, психикасынын убактылуу бузулушунун, кем акылдыктын же психиканын башка оорусунун айынан өзүн башкара албай калган адам кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылбайт.
Андыктан, Ж.Р.Б. катуу тартипте байкоо жүргүзүү менен мажбурлап дарылоо үчүн Жалал-Абад облусунун Кызыл-Жар шаарчасындагы Республикалык психиатриялык ооруканасына жайгаштырылууга жатат деп сот эсептейт. Ал эми ал жөнүндөгү кылмыш иши жосунду акыл-эси соо эмес абалда жасагандыгына байланыштуу өндүрүштөн кыскартылууга жатат.
Токтом мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин тергөө органдары далил буюм деп тапкан Түп РИИБ сактоодо турган 1(бир) даана темир чапкы, 1(бир) даана сабы жыгач балка, 1(бир) даана жыгачтан жасалган ортосунан сынган чапкынын сабы, 1(бир) даана чапкы бекитүүчү темир, 3(үч) даана болот, 1(бир) даана темир сеп, 1(бир) даана жыгач, 2(эки) даана 1,5 литрдик пластмасса бөтөлкө, 1 (бир) даана 2литрдик бөтөлкө жок кылынууга, ал эми айыпталуучу Р.Ж. окуя болгон учурда үстүнө кийип жүргөн 1(бир) даана өңү кара кызыл түстөгү спорттук куртка, 1(бир) даана өңү күрөң-кызыл түстөгү шым, 1(бир) даана өңү күрөң түстөгү кепка, 1(бир) даана өңү кызыл түстөгү оң-сол сланса, 1(бир) даана өңү кызыл түстөгү ээр, 1(бир) даана өңү көк түстөгү кийизден жасалган тердик, 1(бир) даана өңү кызыт түстөгү жүгөн, 1(бир) даана өңү ак түстөгү аркан айыпталуучунун мыйзамдуу өкүлү Ж.Ж. кайтарылып берилүүгө жатат деп сот эсептейт.
Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын К. 25,117,118-беренелери, К.Р.К.-жаза процессуалдык кодексинин 27, 481,485-492-беренелерин жетекчиликке алып, сот
Т О К Т О М К Ы Л А Т :
Кыргыз Республикасынын КЖК-нын 122-бер. 1-б. корсотулгон кылмышты жасаган Ж.Р.Б. аталган жосунду акыл-эси соо эмес абалда жасагандыгына байланыштуу ал жөнүндөгү кылмыш иши өндүрүштөн кыскартылсын.
Ж.Р.Б.ке карата катуу тартипте байкоо жүргүзүү менен мажбурлап дарылоо үчүн Жалал-Абад облусунун Кызыл-Жар шаарчасындагы Республикалык психиатриялык ооруканасына жайгаштырылсын.
Ж.Р.Б.тин бөгөт коюу чарасы өзгөртүлбөстөн камакта калтырылсын. Ж.Р.Б. Жалал-Абад облусунун Кызыл-Жар шаарчасындагы Республикалык психиатриялык ооруканасына жеткирилгенден кийин бөгөт коюу чарасы алынып салынсын.
Токтом мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин далил буюм деп табылган Түп РИИБ сактоодо турган 1(бир) даана темир чапкы, 1(бир) даана сабы жыгач балка, 1(бир) даана жыгачтан жасалган ортосунан сынган чапкынын сабы, 1(бир) даана чапкы бекитүүчү темир, 3(үч) даана болот, 1(бир) даана темир сеп, 1(бир) даана жыгач, 2(эки) даана 1,5 литрдик пластмасса бөтөлкө, 1 (бир) даана 2литрдик бөтөлкө жок кылынсын, ал эми айыпталуучу Р.Ж. окуя болгон учурда үстүнө кийип жүргөн 1(бир)

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

даана өңү кара кызыл түстөгү спорттук куртка, 1(бир) даана өңү күрөң-кызыл түстөгү шым, 1(бир) даана өңү күрөң түстөгү кепка, 1(бир) даана өңү кызыл түстөгү оң-сол сланса, 1(бир) даана өңү кызыл түстөгү ээр, 1(бир) даана өңү көк түстөгү кийизден жасалган тердик, 1(бир) даана өңү кызыт түстөгү жүгөн, 1(бир) даана өңү ак түстөгү аркан айыпталуучунун мыйзамдуу өкүлү Ж.Ж. кайтарылып берилсин.

Токтомго наразы тарап 10 (он) сутканын ичинде Түп райондук соту аркылуу Ысык-Көл областтык сотуна апелляциялык тартипте даттануу бериши мүмкүн.

Төрагалык кылган : Г.у.Э.

Кочурмосу туура:

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда